**ФИЛОЛОГИЯ**

**УДК: 81 (575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-511-519**

**Абдраева А.Т.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aigul-tolokovna@mail.ru
**Чойбекова Н.Т.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
nchoybekova@bk.ru

# ТАБУЛАШКАН КЕП ТҮРМӨКТӨРДӨГҮ ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИКТЕР

**Аннотация:** Кептик-прецеденттик түрмөктөрдөгү табу, сакралдуулук, тыюу функцияларын иликтөө да лингвопаремиология үчүн, коомдук жүрүм-турумду мүнөздөп жөндөө үчүн, жаш муундарды туура багыттоо үчүн зарыл.

Төмөнкү макала табулашкан сүйлөө формулаларынын маани-маңызы, алардын колдонуу чөйрөсү жана тыюу лексемалары өз маанилери аркылуу тилди алып жүрүүчүлөрдүн жүрүм-турумуна чектөө киргизип, алар аткарбай турган жорук-жосундарды каттайт, этностун эс тутумунда омоктуу орун ээлеп, алардын көз карашын жөндөйт.

Макалада табулашкан сүйлөө формулаларынын тил илиминдеги анын ичинде кыргыз жана англис тилдериндеги адамдын жүрүм-турумун мүнөздөгөн паремиялар, сүйлөөшүүдөгү тыюу формулалары бир жагы менен идиомаларга, бир жагы менен макал-лакаптарга, бир жагы менен сүйлөө жандуу түрмөктөргө кирип, үч тараптуу болушу ачыкталды. Идиома менен макал-лакаптарга кошкондо булардын образдуулугун, курамындагы лексемалардын өтмө мааниде колдонушун, экспрессивдүүлүгүн эсепке алабыз. Макал-лакаптардын тобуна кошкондо жалпылоочу, көркөмдүк сапаттары эсепке алынды. Макалада табулашкан сүйлөө түрмөктөрдөгү лексикалык бирдиктердин туруктуу жана өзгөрүлмө маанилери тууралуу кеңири сөз кылмакчыбыз.

**Негизги сөздөр:** табу, тыюу, кептик формула, лексикалык бирдиктер, фразеологизм, идиома, провербиалдык мейкиндик,

**Абдраева А.Т.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
aigul-tolokovna@mail.ru
**Чойбекова Н.Т.**
кандидат филологических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
nchoybekova@bk.ru

## ЛЕКСИЧЕСКИЕ ФОРМУЛЫ В ТАБУИРОВАННЫХ РЕЧЕВЫХ КОНСТРУКЦИЯХ

**Аннотация:** Исследование функций табу, сакральности и запрета в речевых прецедентных конструкций необходимо также для лингвопаремиологии, для характеристики социального поведения, для ориентации молодых поколений. Значение речевых конструкций, встречающихся в данной статье, сфера их применения, а также запретные лексемы ограничивают поведение носителей языка посредством своих значений, регистрируют действия, которые они не могут совершить, занимают видное место в памяти этнического народа. группы и корректировать свои взгляды. В статье выявлено, что речевые конструкции, встречающиеся в лингвистике, в том числе паремии, характеризующие поведение человека в кыргызском и английском языках, формулы запрета речи являются с одной стороны идиомами, с другой стороны пословицами и в речи выяснилось, что она трехсторонняя, входя в речевых конструкций. Помимо идиом и пословиц, мы учитываем их образность, переходное употребление лексем, экспрессивность. Также учитывается обобщающие и художественные качества этих пословиц. В статье мы подробно поговорим об устойчивых и изменяемых значениях лексических единиц, встречающихся в речевых конструкциях.

**Ключевые слова:** табу, запрет, речевая формула, лексические единицы, фразеологизм, идиома, провербиальное пространство

**Abdraeva A.T.**
Doctor of Philology, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
aigul-tolokovna@mail.ru
**Choibekova N.T.**
Candidate of Philological Sciences, acting assistant professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
nchoybekova@bk.ru

## LEXICAL FORMULAS IN TABOO SPEECH CONSTRUCTIONS

**Abstract:** The study of the functions of taboo, sacredness and prohibition in speech precedent constructions is also necessary for linguoparemiology, for the characterization of social behavior, for the orientation of young generations. The meaning of speech constructions encountered in this article, the scope of their application, as well as forbidden lexemes limit the behavior of native speakers through their meanings, register actions that they cannot perform, occupy a prominent place in the memory of an ethnic group and correct their views. The article revealed that speech constructions found in linguistics, including paremias characterizing human behavior in the Kyrgyz and English languages, formulas prohibiting speech are, on the one hand, idioms, on the other hand, proverbs, and in speech it turned out that it is tripartite, entering into speech constructions. In addition to idioms and proverbs, we take into account their imagery, transitional use of lexemes, expressiveness. Generalizing and artistic qualities of these proverbs are

also taken into account. In the article, we will talk in detail about stable and changeable meanings of lexical units found in speech constructions.

**Key words:** taboo, prohibition, speech formula, lexical units, phraseological unit, idiom, proverbial space

Сүйлөө формулаларына туруктуу маанилер, варианттashкан, бирок өзөктүү түзүлүш, типтүү үлгүдөн алыстабагандык, салттуулук, көпчүлүккө белгилүүлүк, элестүүлүк ж.б. провербиалдык сапаттар мүнөздүү. Алар бүткөн, же кемтик сүйлөмдөр түрүндө колдонулат. Сүйлөө формуласы термининин фразеологияда түптөлүп калышына орус лингвисттери А.Н. Баранов менен Д.О. Добровольскийдин салымы чоң [Баранов: 78-92]. Сүйлөө формулалар жандуу дискурста, көркөм адабиятта көп учурайт, лексикографияда катталып, чечмеленип берилет. Фразеологиялык фразаларда идиоманын өзгөчө бир түрү бар. Ага кирген идиомалар жандуу, динамикалуу, кенен варианттashууга жөндөмдүү болушат.

Сүйлөө формулаларын жогоруда аталган окумуштуулар эки түргө ажыратып карашат: 1) идиома-комментарийлер жана 2) идиома-перформативдер.

Сүйлөө формулаларынын биринчи түрү пикир алмашуу учурунда теманын, объекттин, маселенин тигил же бул тараптарына чечмелөө, кошумча түшүндүрүү, интерпретациялоо учурунда ишке ашат. Мисалы: *Бул кылганың, эмне? Убалынан коркпойсуңбу?* – деп айтканда тек эле кылган жорукту айыптоо, жоруктун ээсин күнөөлөө эмес, бул ишке түшүндүрмө берилип, кылмыш жогорку күчкө да жакпай тургандай кылып көрсөтүлүп жатат. (Бул сөз оозеки кептен алынган. Өтө мас адам бир жаш жигитке өбөктөп жыгылганда, ал колдоп, сүйөп койбостон түртүп жибергенде чылага жыгылып түшкөнүн көргөн жолоочу аялдын айтканы).

Идиома-комментарий көркөм текстте да көп учурайт А.Кешоковдун диалогунан үзүндү (котормочу – Б. Орозалиев):

-[Астемир] *Соо келдиңби, селсаяк?*

-[Тумар] *Жылуу сөзүңө ыракмат. Алла буйруп, аман жүрөмүн* («Тоо арасында»). Бул жерде эки комментарий-идиома бар. Биринчиси – *жылуу сөзүңө ыракмат*. Жер кыдырып келген теңтушунун *селсаяк* деген кемсинтүү тамашасына жооп кылып персонаж ушул формуланы колдонду. Мында антитеза (кемсинтме сөз – жылуу сөз), кемсинтме сөзгө чечмелөө бар. Ал эми экинчи комментарий-идиома – *Алла буйруп.* Бул кептик формула жолугушууга, реалдуу сүйлөшүүгө түздөн-түз тиешеси жок, Жаратканга ыраазычылык билдирүү каражаты катары анын буйругу, колдоосу менен жашоо жүрүп жаткандыгына шүгүрчүлүк иретинде аталды. Кыргыздын провербиалдык мейкиндигиндеги *Кудайга шүгүр, Куда кааласа, Кудай жалгасын, жолуң шыдыр болсун, арбактар колдоп, пешенеме ыраазымын* ж.б. идиомалар – тигил же бул фактыны тастыктоодо, окуяны мүнөздөөдө, аракетке баа бергенде иштетилүүчү даяр сөз түрмөктөрү.

Идиома-перформативдер бир аз башкача сапаттарга ээ. Алар көбүнчө сүйлөм-пропозиция түрүндө ишке ашат. Булар кыймыл-аракетти туюнтуучу, окуяны баяндоочу сүйлөмдөр эмес, өздөрү кыймыл-аракеттердин репрезентативдери катары кызмат кылат. Алар дүйнөнүн, чөйрөнүн, адамдын абалын көрсөтпөйт, сүрөттөбөйт, өздөрү ошол абалды билдирет, чагылдырат. Буларда сүйлөөчүнүн маанайы, акыбалы, эмоциясы, ою тууралуу маалымат берилбейт, анын маанайын жөндөө, акыбалын өңдөө, эмоциясын көтөрүү, оюн тастыктоо максатындагы «бук чыгаруучу жылчыкчалар» болот [Баранов, 91]. *Кудай акы, Кудай урсун, Кудай күбө, жылас алгыр, шайтан алгыр, жакшылык көрбөй калайын,*

*өлүгүңү/өлүгүңдү көрөйүн, атаңын башы* ж.б. Буларда кишинин ал-абал, сезими, ою сүрөттөлбөйт, сүйлөөчү баарлашуу, талашуу-тартышуу, чатакташуу ж.б. кырдаалдарда бугун, эмоциясын чыгарып өзүн-өзү жубатып, кептин багытын, нугун, таасирин теңдештириш үчүн перформативдерди колдонот.

А.Кешоковдо: – *Ал кайда? Каргыш тийгир кайда?* – деп Клишбиев сураштырып баратты («Тоо арасында»). *Каргыш тийгир* фразеологизми өнүмдүү. Бул жерде полковник Клишбиев корукчу Астемир Баташевге карата идиоманы колдонду. Мында тилдөө, «бук чыгаруу» бар, бирок кыймыл-аракеттин накта аты жок.

Сүйлөө формулалары жабык жана ачык түрдө кездешет: Жабык идиомалар бүтүн, өзгөрүлбөгөн, уланбаган түрдө учурайт: *1. Кудай жалгыз. 2. Ата-эне – ыйык. 3. Ымыркайды өппөйт* ж.б. Өзгөрүүлөр ушул түзүмдүн гана ичинде жүрөт: *Ата-эне – ыйык > Ата менен эне ыйык; Ымыркайды өппөйт> Ымыркайды өппө; Кудай жалгыз/кудай бирөө* ж.б. Ал эми ачык идиомалар көптөгөн трансформаларга – кыскарууларга, орун алмаштырууларга, узартууларга, улап кетүүгө эркин жол берет: *Кудай берет/Кудай ага берди/Кудайдын бергенин алабыз/Кудай эмнени берсе, ошону алабыз..., Ата-энени сыйла/сыйлагын/ Ата-энеңи сыйлабасаң, балаңан көрөсүң..., Сууга/кудукка/оокатка/отко/күлгө заара кылбайт/ Сууга/кудукка/ оокатка/отко/күлгө заара/саара кылуу күнөө* ж.б. Кайсы бир жагдайларда жабык перформативдер «ачылып», жайылып кетет.

Биз төмөндө табуга тиешелүү сүйлөө формулаларын кароодо алардын эки түрүнө тең анализ жүргүзүүгө аракет жасайбыз.

Эң алдын табулашкан сүйлөө формулаларынын өзөгүн түзгөн лексемаларга кыскача токтололу. Аракеттерди чектөөдө өтө өнүмдүү *убал, арам, макүрөө/макүрү, күнөө* сөздөрү колдонулат.

*Убал* лексемасы араб тилинен кабыл алынган [Юдахин: 797]. Ал «күнөө, айып, айып иш; чыгым; зыян, жооп күтүлө турган терс жорук» сыяктуу маанилерге ээ. Бул сөздүн антоними – *соop* «жакшылык, кайрымдуулук, боорукерлик (иш); кудай жолуна ылайык (аракет)». *Арам* сөзү да арабча, мааниси «таза эмес, дин тыюу салган; мыйзамсыз; никесиз; мээнет кетпеген, бирөөнүн акысы», антоними – *адал* «таза, дин уруксат берген; мээнет менен табылган» [Юдахин: 64]. *Макроо/макүрөө/макуру* (ар.)... дин тыюу салган, дин уруксат бербеген». Буга да *адам* сөзү – антоним [Юдахин: 513]. *Күнөө* (ир.) – «айып, жаман жорук, терс жосун, айып иш» [Юдахин: 167]. Бул сөздүн денотаты болгон кыймыл-аракетти жүрүм-турум эрежелери да, диний көз караш да катуу айыптайт. Жооптордун негизинде бир пикир пайда болду: *убал, күнөө* сөздөрү табулук касиетке ээ болуп, семантикалык жактан жакын болгону менен, денотаттарынын саны, түрү боюнча айырмаланат. Мисалы, дасторконду аттоо, босогодо туруу, шыпыргыны тике коюу, эшикти тээп ачуу – убал эмес күнөө (Е4, Е5, Е6, Е7). Ал эми нанды, нандын күкүмүн тебелөө, сууну булгоо, жаныбарлардын уясын бузуу – убал да, күнөө да (А1, А2, Д1, Б5, Б6 – Е1, Е3, Д5).

Бул көрүнүштү схема түрүндө жөнөкөйлөтүп түзүүгө болот. Мында *убал, күнөө* сөздөрүнүн семантикалык алкагын кесилиштирип гана көрсөтө алабыз.



Бул эки лексема – тыюу номинанттары. Алар формалдык жактан эки бөлөк, тыбыштык турпаттары ар түрдүү, бири-бирине окшобойт. Алар семантикалык жалпылыктарга ээ. Бул жалпылык схемада өзүнчө орток алкак катары белгиленди.

Биз табуга байланыштуу бул сөздөрдү тандап алышыбыз кокусунан эмес. Бул маселени иликтөөгө биз кайрылган респонденттердин пикири түрткү болду. *Эмне убал болот?* – деп сурасак бизге белгилүү эле табулук комментарий-идиомаларды келтиришет: *1) Кумурсканын уюгун бузган – убал; 2) Чабалекейдин уясын бузсаң – убал;) Чыбыкты сындырган – убал* ж.б. Булар макал, лакап, учкул сөздөрдүн жыйнактарында ушул абалында идиома-комментарийлер. Биринчи бөлүгүндөгү аракетке терс баа, терс комментарий берип, ал аракеттин жаратылыш мыйзамдарын бузуп, жаныбарларга, өсүмдүктөргө өтө катуу зыян алып келиши айыпталат. Аталган мисалдарга маанилеш, бирок комментарийи жок накыл сөздөр бар: *Кумурсканын уюгун бузба/бузбайт... Чабалекейдин уясын бузбагыла... Жаш чыбыкты сындырба...* ж.б. Буларда түшүндүрүү берилбейт. Бул тыюулар конкреттүү аракеттерди, сүрөттөбөйт. Ар бир сүйлөмдө императив бар. Алардын мазмуну сүйлөөчүнүн жекече оюу эмес, жалпы элге таандык. Демек, бул императивдер – идиома-перформативдер. Бирок буларды идиома-комментарийге өткөзүү кыйын эмес. Караңыз: *Чабалекей менен кумурсканын уясын бузба, үйүң бузулат* [Койчуманов: 487]. Фразеологизмдин экинчи бөлүгү биринчи бөлүгүнүн мазмунун негиздеп, жүйөлөштүрүп жатат. Мында себеп коркутуу максатында эле айтылып жаткан болуу керек. Анткени үйдүн бузулуп кетиши бир-эки таш боордук, мыкаачылык, билбестик аракетине байланышпайт го. Ал эми баланча чабалекейдин уясын бузуп койуптур десек, мында идиомалык касиет жок. Бул жерде окуя баяндалып жатат, комментарийлик жана перформативдик белги көрүнбөйт.

Биз жогоруда айтылган байкоону кененирээк иликтеп чыгуу максатында жаштар арасында сурамжылоо жүргүздүк. Анын милдеттери:

1) жаштардын табулук көрсөткүчтөгү сөздөрдүн маанисин түшүнүү даражасын аныктоо;
2) дин, эл тыюу салган заттардын, аракеттердин, жоруктардын көлөмүн, мазмунун жаштар тарабынан билүү, элестетүү деңгээлин аныктоо;
3) респонденттердин көз караштарын, билимдерин, тажрыйбаларын, сунуштарын изилдөөдө пайдалануу болду. Англис тилдүү этностор үчүн эмне арам, күнөө жана макүрөө экендиги жөнүндө ушул эле параграфыбызда кеңири токтолобуз.

Баардыгы болуп сурамжылоого 191 адам катышты. Алар И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика факультетинин 2-курсунун студенттери. Орточо жаш курагы – 18-19-20 жаш. Биз аларга кыскача кириш сөздөн кийин беш суроодон турган анкета тараттык. Талап катары жазма түрүндө шашпай, кыска, так, толук жооп берүү сунушталды. Жооп берүүгө 40 минута берилди. Жооп жазуу учурунда изденүүчү ассистенти менен залга көз салып отурушту. Кээ бир түшүнүксүз болгон суроолорго жооп берилди. Эрте бүткөндөрдүн жоопторун кайрадан көздөн өткөрүп, дагы бир жолудан текшерип чыгуу талап кылынды. Анча-мынча пикир алмашууга, кеңешүүгө уруксат берилди.

Аудиторияга төмөнкү суроолор сунушталды:

1. Эмнени кыргыз *убал* дейт?
2. Эмнени кыргыз *күнөө* дейт?
3. Эмнени кыргыз *арам* дейт?
4. Эмнени кыргыз *макүрөө* дейт?
5. Бул аталыштардын кайсынысы кыргызча?
6. *1. Эмнени кыргыз убал дейт?*

| № | Жоопордун мазмуну | Саны |
|---|---|---|
| А | | |
| 1 | Нанды тебелесе/тепселесе/тебелегенде | 186 |
| 2 | Нандын күкүмүн тебелегенде | 121 |
| 3 | Нанды жерге таштаса | 93 |
| 4 | Нанды күйгүзүп бышырганда | 47 |
| 5 | Нанды бычак менен туурасаң | 41 |
| 6 | Нанды тиштеп таштап койгондо | 36 |
| 7 | Нанды таштандыга таштаганда | 22 |
| 8 | Нанды шыпырындыга таштаганда | 17 |
| 9 | Нанды ысырап кылса | 3 |
| Б | | |
| 1 | Чымчыктын уясын бузса | 175 |
| 2 | Чымчыктын балапанын өлтүрсө | 111 |
| 3 | Чабалекейдин үйүн бузуп койсо | 97 |
| 4 | Сөөлжанды тебелесе, өлтүрсө | 34 |
| 5 | Кумурсканы тебелесе, уюгуна ДУСТ куйса | 32 |
| 6 | Кумурсканын ийинин бузуп койгондо | 6 |
| 7 | Чычкандын чиелерин өлтүрүп койсоң | 1 |
| В | | |
| 1 | Жетимди кордогондо | 127 |
| 2 | Майыпты басмырлоо, басынтуу, келекелөө | 87 |
| 3 | Улгайган кишиге орун бербегендик | 51 |
| 4 | Тилемчини кемсинтүү | 43 |
| 5 | Сакоону туураганда | 8 |
| 6 | Кембагалды тоготпой койгондо | 3 |
| Г | | |
| 1 | Көк чөптү тебелеп, уйпалап, булгап, үзүп койгондо | 151 |
| 2 | Эгинди карабай койсоң, от басса | 133 |
| 3 | Эгинди сугарбай койгондо | 124 |
| 4 | Мөмө жыгачтын шагын сындырсаң | 93 |
| 5 | Быша элек мөмөнү, тоң өрүктү жегенде | 41 |
| 6 | Даракты себепсиз кыйсаң | 35 |
| 7 | Жалгыз даракты кыйып койгондо | 30 |
| Д | | |
| 1 | Сууну булгаганда | 190 |
| 2 | Сууга даарат ушатканда | 171 |
| 3 | Тузду төксө | 140 |
| 4 | Оокатты төгүп алсаң | 123 |
| Е | | |
| 1 | Атты ачка койгондо | 87 |
| 2 | Ат жооруп кетсе | 74 |
| 3 | Итти карабай коюу, тамак бербөө | 55 |
| 4 | Итти урганда, тепкенде, кубалаганда | 49 |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Эшекти кыйнаганда, ачка койгондо | 31 |
| 6 | Сары итти, сары мышыкты урсаң, өлтүрсөң | 27 |
| 7 | Күчүктөрдү сууга салганда | 2 |
| Ж | | |
| 1 | Пайдасыз өткөн убакыт | 1 |
| 2 | Өткөн күнгө наразы болуу | 1 |

*Эмнени кыргыз күнөө дейт?*

| № | | Жооптордун багыттары | Саны |
|---|---|---|---|
| А) | 1. | Ата-энени капа кылуу, ызаттабоо, сый көрсөтпөө | 183 |
| | 2. | Энени капа кылуу, энеге акаарат кылуу | 11 |
| | 3. | Атанын көңүлүн оорутуу | 3 |
| | 4. | Баланы себепсиз таарынтуу, кагып-силкүү | 3 |
| | 5. | Кызды/карындашын/ эжесин капа кылуу | 75 |
| | 6. | Бир тууганын капа кылуу | 41 |
| | 7. | Бир тууганына жамандык кылуу | 18 |
| | 8. | Аялын уруп-согуу | 122 |
| | 9. | Аялын сөгүү, тилдөө | 127 |
| | 10. | Башка аял менен никесиз жүрүү | 76 |
| | 11. | Аял киши малдаш токунуп отурса | 1 |
| | 12. | Балалуу болгондон кийин күйөөсүн чануу | 4 |
| | 13. | «Ала жипти аттоо» (Башка эркек менен жүрүү) | 86 |
| | 14. | Эки, үч аял менен никесиз жашоо | 2 |
| | 15. | Балдарын таштап кетүү, карабай коюу | 73 |
| Б) | 1. | Калп/жалган айтуу | 138 |
| | 2. | Алдоо, бирөөнүн мүлкүн, буюмун, алдап алуу | 120 |
| | 3. | Бирөөнү жолдон чыгаруу, азгыруу | 92 |
| | 4. | Уурулук кылуу, уруксатсыз буюм алуу | 159 |
| | 5. | Ушак айтуу, сөз ташуу, чагыштыруу | 31 |
| | 6. | Кошаматчылык кылуу, жасакерленүү | 5 |
| | 7. | Чыккынчылык кылуу, сатып жиберүү | 8 |
| | 8. | Адамды каргоо, жамандык тилөө | 65 |
| | 9. | Адамды себепсиз каргоо | 34 |
| | 10. | Жакындарына каралашпоо | 23 |
| | 11. | Улуулардын сөзүн бөлүү, жолунан кесе өтүү | 9 |
| | 12. | Улууну кагып-силкүү, ага катуу сөз айтуу | 57 |
| | 13. | Бейбечараны шылдыңдоо, кыйноо, басынтуу | 15 |
| | 14. | Ач көздүк, сараңдык кылуу | 7 |
| В) | 1. | Пара алуу, пара берүү, коррупция | 179 |
| | 2. | Адилетсиздик кылуу, каракчылоо | 151 |
| | 3. | Бирөөгө кызмат боюнча зордук көрсөтүү, жайы жок үстөмдүк кылуу | 63 |
| | 4. | Мыйзамдарды аткарбоо, көзүнө албоо, тоготпоо | 164 |
| | 5. | Жоопкерчиликтүү кызматта татыксыз адамдын отурушу | 153 |
| | 6. | Кызматтык милдетин туура аткарбоо | 31 |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Билимсиздин «Билим» берүүсү, сабатсыз адамдын мугалим болуусу | 72 |
| 8. | Татыксыз депутаттарды шайлоо | 10 |
| 9. | Майрамдарга акча топтоолор | 9 |
| Г) 1. | Динге акаарат кылуу, динди сындоо | 144 |
| 2. | Кудайга ишенбөө, анын бардыгына шек келтирүү | 93 |
| 3. | Шарият эрежелерин бузуу | 27 |
| 4. | Дин адамдарын басмырлоо, келекелөө | 20 |
| 5. | Мүрзөдө отуруп күлүү, бейкай сүйлөө | 18 |
| 6. | Мүрзөнү бейитти кол менен көрсөтсө, аны карай заара кылса | 6 |
| | Мүрзөнүн тушунда келме келтирбесе, куран окубаса | |
| 7. | Жайнамазды аттоо, тебелөө | 72 |
| 8. | Айга/күнгө/кыбылага карап заара кылса | 53 |
| 9. | Күндү, жамгырды, жаанды, шамалды, аба ырайын, сөгүү, урушуу | 64 |
| 10. | Жылдыздарды саноо | 2 |
| | Бейитти аттоо, тепселөө | |
| 11. | Малды тебүү | 9 |
| 12. | Малканада даарат ушатуу | 171 |
| Д) 1. | Малды сөгүү, каргоо | 59 |
| 2. | Желени, ноктону тебелөө, аттоо | 135 |
| 3. | Жаныбарлардын ийинин, уясын бузуу, себепсиз өлтүрүү | 22 |
| 4. | Атты башка чабуу | 92 |
| 5. | Атты катуу камчылоо, чабуу | 6 |
| 6. | Сууга түкүрүү, сууну булгоо, аны карай даарат ушатуу | 1 |
| 7. | Тамакка түкүрүү, булгоо, сын тагуу, тамакты аттоо, төгүү | 1 |
| Е) 1. | Нанды тепселөө, шыпырындыга салуу | 176 |
| 2. | Дасторконду супараны аттоо, тетири салуу | 190 |
| | Үйдө үшкүрүнүү, ышкыруу | |
| 3. | Босогодо туруу, отуруу, босогону тепселөө | 188 |
| 4. | Эшикти тээп ачуу | 161 |
| 5. | Шыпыргыны тике коюу | 35 |
| 6. | | 23 |
| 7. | | 22 |
| 8. | | 41 |

Көрүнүп тургандай, суроолор монотондуу, бир кылка болуп түзүлгөн. Мындай суроолор баары үчүн окшош, бирдей деңгээлдеги жооптордун жаралышына алып келеби дедик. Бир кылка жоопту баалоого, талдоого, сыпаттоого кыйынчылык алып келбейт. Ар бир сөздүн денотаттарынын түзүлүшү, мүнөзү бири-бирине жакын эле болуу керек деп болжолдодук. Жогоруда келтирилген табуга алакасы бар сөздөрдүн маани-маңызынын кыргыз жаштарынын ой тутумундагы ордун аныктоого арналган сурамжылоо бир нече тыянактарды айтууга өбөлгө түзөт.

1) Кыргыз этносунун өкүлдөрү *убал, күнөө, арам, макүрөө* сөздөрүнүн маанисин тыюу, чектөө өңүтүндө түшүнүшөт. Ошондуктан аларды табулашкан талаптарды таркатуунун, сактоонун лексикалык каражаттары катары баалоого болот.

2) Респонденттер, негизинен, бул сөздөрдүн мазмунунда, колдонулушунда реалдуу да, диний, купуя жана сырдуу да маанилер бар сыяктуу түшүнүшөт.

3) Аталган лексемалар этиштик тануу мүчөсү (*-ба/бе/-бо/-бө/-па/-пе/-по/-пө*) катышкан предикаттар менен көп учурда маанилеш, кызматташ болуп, транформацияланып колдонулат.

А. *Чочко-нун эт-и-н же-бе*

*Чочко-нун эт-и-н же-бе-гин*

*Чочко-нун эт-и-н же-бе-й-т...*

*Б. Чочко-нун эт-и-н же-ш – күнөө*

*Чочко-нун эт-и – арам*

*Чочко-нун эт-и – макүрөө.*

Ошентип, кыргыздын *убал, күнөө, арам, макүрөө* сөздөрүн улуттун менталдуулугунда орду бар айрым жүрүм-турумдарды, иш-аракеттерди тескөөгө, жөндөөгө, башкарууга колдонулган, элдин биримдигине, кичинекей да болсо, салым кошо ала турган когнитивдик-тилдик каражаттар катары эсептөөгө болот.

**Адабияттар:**


1. Баранов, А.Н. Постулаты когнитивной лингвистики [Текст] / А.Н. Баранов, Д.О.Добровольский // Изд. РАН. Сер.лит. и яз. – 1997. – Т. 56, № 1. – С.27-34.
2. Кадырбекова, П. К. Табу и тотем как источники обогащения языка (на материале кыргызского языка) [Текст] / П. К. Кадырбекова // Вестн. Каз. нац. ун-та им. Аль-Фараби. Сер. филол. – Алматы, 2008. – № 3 (3). – С. 68-72.
3. Киргизско-русский словарь / Сост. К. К. Юдахин. М.: Сов. энциклопедия, 1965. -973 с.
4. Лисс, А.Н. Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и кыргызского языков [Текст] / А. Н. Лисс. – Ош: [б.и.], 1986. – 83 с
5. Муратов, С.К. Устойчивые сочетания в тюркских языках [Текст] / С. К. Муратов. – М.: Изд-во вост. лит., 1961. – 131с.
6. Усубалиев, Б. Ш. Табу жөнүндө сөз [Текст]/ Б. Ш. Усубалиев // Кыргыз филологиясы ж-а филололологдору. – Бишкек, 2007. – 96-98-б.
7. Шамбаев, С. Кыргыз макал-лакаптары жана учкул сөздөрү[Текст]/ С.Шамбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1999. – 340 б.


**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессордун м.а. Козуев Д.И.**